**Долбоор**

# «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТИГҮҮ ӨНӨР ЖАЙЫНДАГЫ ИННОВАЦИЯЛАР ЖӨНҮНДӨГҮ ДИАЛОГДУН» РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

Бишкек ш. 21-сентябрь 2022-жыл

2022-жылдын 21-сентябрында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигине караштуу “Инновациялык борбор” мамлекеттик мекемесинде (мындан ары – “Инновациялык борбор” ММ) Кыргыз Республикасынын тигүү өнөр жайындагы инновациялар жөнүндө диалогу (мындан ары – Диалог) өткөрүлдү. Диалог 2021-жылдын 12-октябрындагыПЖ № 435 «2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген көрсөтүлгөн программасына ылайык өткөрүлдү.

Диалогду Кыргызпатентке караштуу “Инновациялык борбор” ММси уюштурган.

Диалогдун отурумуна Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республкасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин (Кыргызпатент) жана тигүү өнөр жай өндүрүш ишкер жамаатарынын өкүлдөрү активдүү катышышты. Ошондой эле негизги угуучулардан болуп атайын орто жана жогорку билим алуучулар катышышты.

Диалогдун отурумунда тиешелүү темага байланыштуу эң орчундуу маселелер, жетишкендиктер чагылдырылып, көптөгөн суроо-жооп узатылды. Жалпысынан өткөрүлгөн Диалог натыйжалуу болуп, төмөндөгү негизги маселелерди чечүү жолдорун изилдеп, андан ары жүзөгө ашыруу үчүн тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик жана башка органдарга кат жолдоо сунуш кылынат:

- жеңил өнөр жай жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жаңы киргизүүлөр жөнүндө маалыматтык иш жүргүзүү;

- мамлекеттик деңгээлде ЖОЖ жаатында инновацияларды киргизүү мүмкүнчүлүгүн кароо;

- тандемде иштөө (чакан/орто/ири ишканалар, билим берүү мекемелери);

- бул жааттагы адистер үчүн социалдык пакет, эмгек стажы ж.б. маселелерин кароо;

- ишкерлер менен лицейлердин ортосундагы өз ара аракеттенүүсүн өнүктүрүү;

- жеңил өнөр жай жаатында изилдөөлөр үчүн финансылык каражаттарды бөлүп берүү маселесин кароо.

Модератор - М. Мамытов